# Истигфардын төрөсү

Шаддад бин Аус (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Истигфардын төрөсү мындай: Аллахым, Сен менин - Раббимсиң, Сенден башка ибадатка татыктуу кудай жок. Сен мени жараттың, мен Сенин кулуңмун. Мен чолом жетишинче Сага берген убада, шартымды сактаймын. Жасаган иштеримдин жамандыгынан сактоону Сенден суранам. Мага берген нээмат-жакшылыктарыңды жана күнөөлөрүмдү мойнума алам. Мени кечир, Сенден башка күнөөлөрдү кечирүүчү эч ким жок». Анан мындай деди: "Кимде-ким эртең менен бул сөздөрдү чын жүрөгүнөн айтса, анан ошол күнү кечке чейин каза болсо, ал бейиштин тургундарынан. Ал эми ким бул сөздөрдү кечинде чын жүрөгүнөн айтса жана таң атканга чейин каза болсо, ал бейиштин тургундарынан".

[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) истигфардын ар түрдүү сөздөрү бар экенин, алардын ичинен эң абзели жана эң улугу төмөнкү сөздөр экенин айткан: "Аллахым, Сен менин Раббимсиң, Сенден башка ибадатка татыктуу кудай жок. Сен мени жараттың, мен Сенин кулуңмун. Мен чолом жетишинче Сага берген убада, шартымды сактаймын. Жасаган иштеримдин жамандыгынан сактоону Сенден суранам. Мага берген нээмат-жакшылыктарыңа ынанам жана күнөөлөрүмдү мойнума алам. Мени кечир, Сенден башка күнөөлөрдү кечирүүчү эч ким жок". Биринчиден пенде Аллахтын тавхидин моюндайт, Аллах Таала анын Жаратуучусу, эч кандай шериги жок ибадат кыла турган Кудайы экенин (моюнуна алат). Ыйманда жана баш ийүүдө колунан келишинче Аллахка берген ант-келишимин аткарарын (моюнуна алат). Анткени, пенде канчалык көп ибадат кылса да, Аллах буйругандын баарын аткара албайт, нээматтарга татыктуу шүгүр кыла албайт. Ал Аллахка кайрылат, Аны менен коргонот. Анткени, Аллах - пенде жасаган жаман ишинен коргоно турган Коргооочу. Пенде Аллахтын ага берген нээматтарына муюп, аны моюнуна алат. Өзү жасаган күнөө, каталарын моюндап, өзүнө кайтат. Аллахка ушинтип жалбарып сурануудан кийин, Раббисине дуба кылып аны Өз кечирими, ырайымы жана пазилети менен кечирүүсүн, күнөөлөрүн жашыруусун, жана күнөөлөрдөн сактоосун тилейт. Анткени, күнөөлөрдү Аллахтан башка эч ким кечире албайт. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул сөздөр эртең менен жана кечинде айтылчу зикрлерден экенин, кимде-ким бул зикрди чын жүрөгүнөн, маанилерине түшүнүп, ишеним менен эртең менен күн чыккандан шашкеге дейре айтса жана ошол күнү өлсө, бейишке кирерин айткан. Ал эми ким кечинде, күн баткандан таң атканга чейинки аралыкта айтса жана таң атканга чейин

өлсө, бейишке кирерин айткан.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5503